# М А А Л Ы М А Т
## (Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-041-2021-001641 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 29-июнь күнү Ош шаарынын Исанов көчөсүнүн [redacted] туулган "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер [redacted] Ош шаардык ИИБнын начальнигининин наамына арыз менен кайрылган. Анда "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын агитатору [redacted] аттуу атуул шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуп, "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынын агитаторлорун Ош шаарынны Шейид-Дөөбө кичи шаарчасындагы Мукуми көчөсүндө агитация жүргүзбөстүгү тууралу айткандыгын жана аталган партиянын талапкерлеринин ар-намысына тийген каралоо жалган маалыматтарды таратып жаткандыгын билдирип, ага карата мыйзам чегинде чара көрүп берүүнү суранган.

[redacted] арызы 29.06.2021-жылы саат 18:27 мүнөттө Ош ШИИБнын МЭЖне 02-041-2021-001641 саны менен катталган.

Текшерүү учурунда арыз ээси [redacted] курбусу [redacted] өзүнүн түшүнүк катында 2021-жылдын 29-июнь күнү досум [redacted] менен Ош шаарынын Шейид-Дөөбө кичи шаарчасында [redacted] деген ака менен жолуктук, сүйлөшүүдө ал [redacted] бийликтин гана партиясында иштээрин шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу менен анын көчөсүнө "Улуттар Биримдиги" партиянын агитаторлорун келбештигин айткандыгын тууралуу билдирген.

Окуя боюнча [redacted] өзүнүн түшүнүк катында, 2021-жылдын 29-июнь күнү Ош шаарынын 8-март көчөсүндө орун алган "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын штабынын жанында мага бей тааныш болгон эки аял менен жолуктум, алардын бирөөсү мага "Сиз [redacted]"-деп сурады, анан мен ооба, сен кимсин десем ал аял өзүн [redacted] деди. [redacted] сиз менин акам [redacted] акарат кылыпсыз деди, анан мен ал киши тууралу эч нерсе деген эмесмин, мен "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясында Ош шаарынны 8-март көчөсүндө орун алган штабдын жетекчисимин, мен агитация иштерине аралашпаймын, мен болгону штабда келген документтерди кабыл алып, документ иштери менен алектенелерин билдирген.

Жогорудагылардын негизинде, [redacted] кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын БжКнин 44-беренесинде көрсөтүлгөн мыйзам бузуулар аныкталгандыктан, анын кыймыл аракетине укуктук баа берүү үчүн топтолгон материал 30.06.2021-жылы 32/3-6006 саны менен чыгышталып Ош шаардык АШКна жиберилгендигин маалымдайбыз.

КР ИИМдин Тергөө кызматы